КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КЕҢ-КОЛ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КЕН-КОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 16-майы №19** **Көк-Ой айылы**

**«Жеке менчик жай куруу жер участогунун багытын өзгөртүү жөнүндө»**

Кең-Кол айыл аймагына караштуу Көк-Ой айылынын Кең-Кол көчөсүнүн №167 үйүнүн жашоочусу, Жолоева Рая Масалкановнанын жер участогуна болгон ишеним каттын негизинде жазган арызын, Кыргыз Республикасынын «Жер кодексинин» 12.13-беренелерин жана жеке менчигине байланыштуу иш-кагаздарын карап чыгып, Кең-Кол айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кең-Кол айыл аймагына караштуу Көк-Ой айылынын Кең-Кол көчөсүнүн №167 үйүнүн жашоочусу, Жолоева Рая Масалкановнанын жер участогуна болгон ишеним каттын негизинде жазган арызын карап чыгып, Кең-Кол айыл аймагына караштуу Көк-Ой айылындагы Ленин көчөсүнүн №305 дарегинде жайгашкан Азыранкулова Нуриза Эркибаевнага таандык идентификациялык коду 6-04-04-1001-0843 сандуу 1000,0 м.кв. аянтындагы жеке менчик участогунун 205,29м2 курулуштун ичинен 155,22м2 багытын соода сатык жана ишкерлик кылуу үчүн өндүрүш багытына, ал эми 50,07м2 турак жайга которууга мыйзамдын чегинде макулдук берилсин.

3.Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы Кең-Кол айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакеевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.М.Джусупбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КЕҢ-КОЛ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕН-КОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 16-майы №21** **Кок-Ой айылы**

**Кең-Кол айылдык кеңешинин аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги тарбиялануучулардын тамак ашына ата-эне тарабынан төлөнүүчү төлөмү жөнүндө**

Кең-Кол айыл аймагындагы МЧББМ синин жетекчилеринин жана тарбиялануучулардын ата-энелери менен өтүлгөн жыйындар тууралуу протоколдорун карап чыгып жана депутаттардын ой-пикирлерин сунуштарын угуп, талкуулап, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Кең-Кол айыл аймагындагы балдар бакчаларында тарбияланып жаткан балдардын ата-энелеринин жалпы макулдашуусу менен тамак-аштын төлөмү 2024-жылдын апрель айынан баштап ар бир балага айына 1200(бир миң эки жүз) сомго көтөрүлсүн.
2. Айыл аймактагы мекетепке чейинки билим берүү мекемелери менен түзүлгөн комиссия курамынын актыларынын негизинде аныкталган балдарга жеңилдетүү берилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы тармактык туруктуу комиссиянын төрайымы З.Музаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.М.Джусупбеков**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КЕҢ-КОЛ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-КОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 16-майы №22** **Көк-Ой айылы**

**Жолболду каналына лоток орнотуу жөнүндө**

Талас районунун Кең-Кол айыл аймагынын Көк-Ой айылынын Батыш тарабында Нылды өзөнүнө караштуу Бөлөк-Дөбө БСРинде жайгашкан узундугу 1км 200метрди түзгөн Жолболду каналына лоток орнотуу жөнүндө Кең-Кол айыл кеңешинин 3-сессиясы **токтом кылат:**

1. Талас районунун Кең-Кол айыл аймагынын Көк-Ой айылынын Батыш тарабында Нылды өзөнүнө караштуу Бөлөк-Дөбө БСРинде жайгашкан узундугу 1км 200метрди түзгөн Жолболду каналына лоток орнотууга акча каражаты Талас райондук өнүктүрүү фондусунан суралсын.

2. Долбоор жазып, иш кагаздарын бүтүрүп, Талас райондук өнүктүрүү фондусуна тапшыруу жана токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы Кең-Кол айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакеевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.М.Джусупбеков**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КЕҢ-КОЛ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КЕН-КОЛЬСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 16-майы №23** **Көк-Ой айылы**

**Мурдагы Көк-Ой айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин ашыкча каражатын бекитүү жөнүндө**

Кең-Кол айыл кеңешинин 9-чакырылышынын 3-сессиясы Мурдагы Көк-Ой айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын киреше бөлүгүнүн ашыкча каражатын 2024-жылдын бюджетинин айрым статьяларына кошумчалоо жөнүндө Кең-Кол айыл кеңеши **токтом кылат:**

1.Көк-Ой айылына мончо курууга 7 500,0 (жети миллион беш жүз миң) сом каралсын;

2. Көк-Ой айылына электр мамычаларын орнотууга 300 000(үч жүз миң) сом каралсын.

3.Тайкүлүк бала бакчасына эмерек алууга 201 000(эки жүз бир миң)сом каралсын.

4.Көк-Ой айылына кичи футбол аянтчасын курууга 1 819 500(бир миллион сегиз жүз он тогуз миң беш жүз) сом каралсын.

5.Атайын каражат счетунда ата-энелердин төлөмдөрүнөн калган калдык 828 213 (сегиз жүз жыйырма сегиз миң эки жүз он үч) сом каражатынын Тайкүлүк бала бакчасына каралган 474 213 (төрт жүз жетимиш төрт сом эки жүз он үч) сомдун ичинен 73355сом 2221-статьясына отургузулуп, күнүмдүк ремонт иштерине, 400858сом 3112-статьясына отургузулуп, балдар ойноочу аянтча алууга жумшалсын. Ал эми Асель бала бакчасына каралган 354000сом акча каражаты 2221-статьясына отургузулуп, күнүмдүк ремонт иштерине жумшалсын.

6.Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы Кең-Кол айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Б.Сакеевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.М.Джусупбеков**

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КЕҢ-КОЛ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-КОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 16-майы №24** **Көк-Ой айылы**

**"Каныкей апа" балдар бакчасынын жылытуу мешин орнотуу жөнүндө**

Талас районунун Кең-Кол айыл аймагынын Таш-Арык айылындагы "Каныкей апа" бала бакчасынын жылытуу мешин орнотуу жөнүндө Кең-Кол айыл кеңешинин 3-сессиясы **токтом кылат:**

1. Талас районунун Кең-Кол айыл аймагынын Таш-Арык айылындагы "Каныкей апа" бала бакчасынын жылытуу мешин орнотууга акча каражаты Бакубат Талас өнүктүрүү фондусунан суралсын.

2. Долбоор жазып, иш кагаздарын бүтүрүп, Бакубат Талас өнүктүрүү фондусуна тапшырылсын жана токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы Кең-Кол айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакеевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.М.Джусупбеков**

